**И. К. АХУНБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ**

**Б. Н. ЕЛЬЦИН атындагы КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 14.23.690 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда

**УДК 614.2:618.1 055.2(575.2)**

**АБДИРАСУЛОВА ЖАЙНАГУЛЬ АБДИРАСУЛОВНА**

# ТӨРӨТ КУРАГЫНДАГЫ АЯЛДАРГА АКУШЕРЛИК-ГИНЕКОЛОГИЯЛЫК ЖАРДАМДЫ ЖАКШЫРТУУНУН ЖОЛДОРУ (ОШ ОБЛУСУНУН МИСАЛЫНЫН НЕГИЗИНДЕ)

**14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттык сактоо**

Медициналык илимдердин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**автореферати**

**Бишкек – 2024**

**Илимий иш** Ош мамлекеттик университетинин эл аралык медицина факультетинин коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо кафедрасында аткарылды.

**Илимий кеңешчи:** **Каратаев Мадамин Мусаевич**
медицина илимдеринин доктору, профессор, И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:** **Биялиева Гульмира Самарбековна**
медицина илимдеринин доктору, Эл аралык жогорку медициналык мектебинин директору

**Кожокенова Жанат Асетовна**
медицина илимдеринин кандидаты, доцент, С. Д. Асфендияров атындагы Казак улуттук медициналык университетинин коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо кафедрасынын башчысы

**Жетектөөчү мекеме:** Россия Федерациясынын Саламаттык сактоо министрлигинин федералдык мамлекеттик бюджеттик жогорку билим берүү мекемеси «Ижевск мамлекеттик медициналык академиясы», квалификацияны жогорулатуу жана кесиптик кайра даярдоо факультетинин коомдук саламаттык, экономика жана саламаттыкты сактоону башкаруу кафедрасы, (426034, Россия Федерациясы, Удмуртия Республикасы, Ижевск ш., Коммунаров көч., 281)

Дисертацияны коргоо 2024-жылдын «12» сентябрында саат 14:00 медицина илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертациясын коргоо боюнча, И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына, уюштуруучу Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 14.23.690 диссертациялык кеңештин отурумунда өткөрүлөт, дареги: 720020, Бишкек ш., Ахунбаев көч., 92, конференц-залында. Диссертацияны коргоонун видеоконференциясына кирүү үчүн шилтеме: https://vc.vak.kg/b/142-c9g-rqj-fbe

Диссертация менен И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын (720020, Бишкек ш., Ахунбаев көч., 92), Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин (720000, Бишкек ш., Киев көч., 44) китепканаларынан жана https://vak.kg сайтынан же диссертациялык кеңештин сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2024 -жылдын «9» август айында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы медицина илимдеринин кандидаты, доцент** **Д. Д. Ибраимова**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Эне жана баланын саламаттыгы Бириккен Улуттар Уюмунун 2030-жылга чейинки туруктуу өнүгүү Максаттарына киргизилген. Эне жана баланы коргоо программасы Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун приоритеттүү программаларынын бири болуп саналат жана аны ишке ашырууга көптөгөн мамлекеттер, анын ичинде Кыргызстан да катышууда [2019-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоону реформалоонун «Дени сак адам – гүлдөгөн өлкө» Улуттук Программасы].

Өлкөдө энелердин өлүмдүүлүгүнүн көрсөткүчү жогору бойдон калууда. Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча, Кыргыз Республикасында энелердин өлүмдүүлүгү 2022-жылга 100 000 тирүү төрөгөндөргө 28,1, Ош облусунда 25,6 түздү. Репродуктивдик жоготуулар көйгөйүнүн актуалдуулугу алардын Кыргыз Республикасындагы туруктуу жана жетишээрлик жогорку жыштыгы менен аныкталат. Бул жаатта ишке ашырылып жаткан мамлекеттик программалардын натыйжасында учурда оң жылыштар байкалууда, бирок репродуктивдик жоготууларды азайтуу дагы деле саламаттык сактоонун артыкчылыктуу багыттарынын бири бойдон калууда, айрыкча төрөт курагындагы аялдардын санынын көбөйгөнүнүн эсебинен төрөлүүлөрдүн өсүшүнө байланыштуу [Т. С. Мейманалиев, 1996; Н. К. Касиев, 2008; М. М. Каратаев, 2014; Б. А. Өмүрзаков, 2014].

Бир катар авторлор репродуктивдик жоготууларга кош бойлуулук менен байланышкан себептерди гана эске алуу менен кош бойлуулуктун бүткүл мезгилинде жана ал аяктагандан кийин бойго бүтүү (кош бойлуулук) продуктуларын жоготууну киргизишет. Репродуктивдик жоготуулар түшүнүгү түйүлдүк менен бирге, адатта, кош бойлуулуктун бүткүл мезгилиндеги жана ал аяктагандан кийин 42 күн өткөндөн кийин энелердин жоготууларын, ошондой эле жатындан тышкары кош бойлуулуктун жана бардык медициналык аборттордун, анын ичинде өзүнөн-өзү жана жасалма аборттордун натыйжасында түйүлдүк жоготууларын камтыйт [Н. Н. Бушмелева, 2014].

Кош бойлуу аялдарды өз убагында каттоо эненин да, баланын да ден соолугун камсыз кылууда эң маанилүү жана чечүүчү ролду ойнойт. Бул медициналык байкоону баштоого жана керектүү текшерүүлөрдү жана профилактикалык иш-чараларды өз убагында жүргүзүүгө мүмкүндүк берет, бул кош бойлуулук учурунда да, төрөт учурунда да татаалдашуу коркунучун азайтат.

Дарыгерге үзгүлтүксүз баруу зарыл болгон мониторингди жана диагностиканы жүргүзүүгө мүмкүндүк берет, бул потенциалдуу тобокелдиктердин алдын алуу жана репродуктивдик ден соолукту сактоо үчүн эң жакшы шарттарды камсыз кылуу үчүн маанилүү.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), окуу жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүп жаткан негизги изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы демилгечил болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз Республикасынын Ош облусунда акушерлик-гинекологиялык жардамды уюштуурууну жакшыртуу боюнча иш-чаралардын топтомун илимий жактан негиздөө.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. 2013-2022-жылдарга Ош облусунун саламаттык сактоо системасынын баштапкы деңгээлинде акушерлик-гинекологиялык жардам көрсөтүүнүн көрсөткүчтөрүн талдоо.

2. Ош облусунун аймагындагы репродуктивдик ден соолуктун абалын, төрөт курагындагы аялдардын оорулуулук деңгээлин, саламаттыкты сактоо уюмдарына баруусун жана орто мектептердин окуучуларынын репродуктивдик ден соолук боюнча билим деңгээлин изилдөө.

3. Ош облусунун аялдарына медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жакшыртууга жөнгө салынган координациянын таасирин аныктоо үчүн репродуктивдик ден соолукту жакшыртуу боюнча «Натыйжага негизделген каржылоо» долбоорунун критерийлерин баалоо (сапатты камсыздоо, бейтаптардын канааттануусу, төрөт бөлүмүнүн ишкердиги).

4. Азыркы шарттарда төрөт курагындагы аялдарга акушерлик-гинекологиялык жардам көрсөтүүнү уюштурууну жакшыртуу боюнча далилдүү чараларды иштеп чыгуу.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:**

1. Ош облусунун саламаттык сактоо системасынын баштапкы деңгээлинде акушерлик-гинекологиялык жардам көрсөтүүнүн көрсөткүчтөрүнө биринчи жолу он жылдык мезгил ичинде (2013-2022-жылдары) топтомдуу талдоо жүргүзүлдү. 12 жумага чейин катталган кош бойлуу аялдардын үлүшүнүн төмөндөшүнүн туруктуу тенденциялары жана аймактагы кош бойлуу аялдардын медициналык көзөмөлүнүн жыштыгынын өзгөрүшү аныкталган.

2. Биринчи жолу Ош облусунун төрөт курагындагы аялдардын репродуктивдик ден соолугунун абалына терендетилген изилдөө жүргүзүлдү. Аялдардын жыныстык органдарынын ооруларында олуттуу өзгөрүш аныкталган, ошондой эле 2019-жылдан кийин сезгенүү ооруларынын жыштыгынын өсүү тенденциясы аныкталган. Бул көйгөй боюнча билим-тарбия иштерин жакшыртуу максатында орто мектеп окуучуларынын репродуктивдик ден соолук боюнча билим деңгээлине баа берилди.

3. Ош облусу үчүн репродуктивдик ден соолукту чыңдоо боюнча жыйынтыкка негизделген каржылоо долбоорунун натыйжалуулугуна баа берилип, медициналык жардамдын сапатын, бейтаптардын канааттануусун камсыздоо критерийлери жана төрөт бөлүмдөрүнүн иши бааланды.

4. Азыркы шарттарда төрөт курагындагы аялдарга акушерлик-гинекологиялык жардамды уюштурууну жакшыртуу боюнча илимий негизделген иш-чаралар сунушталууда.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү Ош облусунун баштапкы жана экинчи звенодогу саламаттык сактоо уюмдарында төрөт курагындагы аялдарга акушерлик-гинекологиялык жардам көрсөтүүнү уюштурууну жакшыртуу боюнча илимий негизделген иш-чараларды иштеп чыгууда турат. 2013-2022-жылдар аралыгындагы Ош облусунун төрөт курагындагы аялдардын олуттуу ооруларынын динамикасынын негизги тенденциялары жөнүндө маалыматтар республиканын саламаттык сактоо системасында колдонулушу мүмкүн. Акушерлик жана гинекологиялык жардамды уюштурууну оптималдаштыруу боюнча сунуштар Кара-Суу районунун аймактык ооруканасынын (10.05.2022-ж. ишке киргизүү актысы), Ош шаардык клиникалык ооруканасынын (18.05.2022-ж.

ишке киргизүү актысы) практикалык ишкердигин оптималдаштыруу боюнча сунуштар киргизилген.

Мектептеги билим берүү ишине Кара-Суу районунун Учкун айылындагы №97 орто мектебинде 6 сааттык репродуктивдик ден соолук программасы киргизилди (06.05.2022-ж. ишке киргизүү актысы).

Изилдөөнүн жыйынтыктары Ош мамлекеттик университетинин окутуу программасында колдонулуп жатат (05.06.2022-ж. ишке киргизүү актысы).

Сунушталган маршруттук схемалар Ош облусунда акушерлик-гинекологиялык жардамды уюштурууну жакшыртууга, төрөт курагындагы аялдарга медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жакшыртууга, ошондой эле татаалдашуулардын жыштыгын жана оорчулугун төмөндөтүүгө мүмкүндүк берет.

**Коргоого алынып чыгуучу диссертациянын негизги жоболору:**

1. 2013-жылдан 2022-жылга чейинки мезгилде саламаттыкты сактоонун баштапкы деңгээлинде кош бойлуу аялдардын медициналык байкоолорго баруусу азайган. 12 жумага чейин катталган кош бойлуу аялдардын салыштырма салмагынын азайышы, максимумалдуу көрсөткүч менен 2018-жылы жана андан кийин 2022-жылга карата 12,0%га төмөндөшү айрыкча маанилүү. АИВ-инфекциясына жана сифилиске ткешерүү мезгилдин башында төмөндөгөн жана 2021-жылдан баштап бардык кош бойлуу аялдардын 23,0% деңгээлинде турукташкан. Аз кандуулуктун жана башка патологиялардын таралышы да облуста акушерлик-гинекологиялык жардамды уюштурууну жана сапатын жогорулатуу зарылчылыгын көрсөтүп турат.

2. Каралып жаткан мезгилде аялдардын жыныс органдарынын сезгенүү ооруларында термелүүлөр байкалды, акыркы жылдарда репродуктивдүү функциялардын бузулууларынын жыштыгынын туруктуу жогорулашы менен. Ошол эле учурда, лейомиома матки жана менструалдык циклдин бузулуулары туруктуу өсүүнү көрсөттү.

3. Ош облусунун аялдарына медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жогорулатууга багытталган каржылоо долбоорунун жыйынтыгы боюнча төрөттөгү татаалдашууларын азайтууда жана бейтаптардын канааттануусунда оң тенденциялар аныкталды.

4. Жүргүзүлгөн талдоолордун негизинде төрөт курагындагы аялдарга медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жогорулатууга багытталган акушерлик-гинекологиялык жардамды уюштурууну оптималдаштыруу боюнча чаралар сунушталды.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Автор изилдөөнүн багыттарын жана программасын жеке өзү иштеп чыккан, изилденип жаткан проблема боюнча ата мекендик жана чет элдик адабияттарга аналитикалык сереп жүргүзүлгөн, өзүнүн изилдөөлөрүнүн материалдарын чогулткан жана иштеткен, статистикалык жактан иштетилген маалыматтарды, натыйжаларды чечмелеген жана талкуулаган, коргоого алынып чыгуучу жоболор, корутундулар жана практикалык сунуштар автор тарабынан ишке ашырылган.

**Диссертациянын жыйынтыктарын апробациялоо.** Изилдөөнүн негизги натыйжалары баяндалып жана талкууланды: «Медициналык илими жана билим берүү тармагындагы инновациялар» илимий-практикалык конференцияда, Ош ш.,

27-май, 2022-жыл (Ош, 2022-ж.); «Эне жана баланын ден соолугу» эл аралык семинарында Зальцбург ш., Австрия, 6-11-июнь, 2022-жыл (Зальцбург, 2022); «Глобал Вилладж» эл аралык конференциясында, Вифлеем ш., АКШ, 25-29-июнь, 2022-жыл (Вифлеем, 2022); «Симуляциялык медициналык билим берүү тармагындагы инновациялар» эл аралык илимий-практикалык конференциясында Андижан ш., Өзбекстан Республикасы, 3-ноябрь, 2023-жыл (Андижан, 2023).

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациянын темасы боюнча 6 илимий макала жарыяланган, анын ичинен 3 макала РИНЦ системасында индекстелген, импакт-фактору 0,1ден төмөн эмес журналдарда жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация 115 бетте компьютердик терүү менен баяндалган, кириш сөздөн, методологиядан жана изилдөө ыкмаларынан, өздүк изилдөө бөлүмдөрүнөн, корутундулардан, практикалык сунуштардан жана тиркемеден турат. Диссертация 29 таблица жана 6 сүрөт менен иллюстрацияланган. Библиографиялык маалымдама 137 булактан турат, анын ичинен: 6 кыргыз тилинде, 79 орус тилинде жана 52 чет тилдеринде.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертациянын кириш сөзүндө темасынын актуалдуулугун негизделип, максатын, милдеттерин, илимий жаңылыгын, алынган натыйжалардын практикалык маанисин жана коргоого берилген диссертациянын негизги жоболорун көрсөтүлгөн.

**1-бап «Төрөт курагындагы аялдарга акушерлик-гинекологиялык жардам көрсөтүүнү уюштуруу (адабий сереп).** Адабияттарды талдоо изилденип жаткан проблеманын актуалдуу абалы жөнүндө жетишээрлик толук түшүнүк алууга, акушерлик-гинекологиялык жардамды уюштурууну изилдөөнүн теориялык негизин тандап алууга, максатын тактоого, изилдөөнүн багыттарын аныктоого; жумушчу гипотезаны жана диссертациянын негизги жоболорун түзүүгө жана теориялык жактан негиздөөгө мүмкүндүк берди.

**2-бап. «Методология жана изилдөө ыкмалары».**

**2.1 Изилдөө методологиясы**

*Изилдөөнүн объектиси*: Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы кош бойлуу жана төрөт курагындагы аялдар.

*Изилдөөнүн предмети:* аялдардын репродуктивдик саламаттыгы, экстрагениталдык оорулуулук, акушерлик жана гинекологиялык жардам көрсөтүүнүн көрсөткүчтөрү, Кыргыз Республикасындагы «Натыйжага негизделген каржылоо» долбоорунун критерийлери.

Маалымат булактары: жылдык статистикалык отчеттук формаларынан маалыматтар: Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин электрондук саламаттык сактоо Борборунун 2013-жылдан 2022-жылга чейинки мезгилге № 12- СС «Саламаттыкты сактоо уюмунун иши жөнүндө отчету», № 12-УСК «Оорулуулук жана профилактикалык иштер боюнча отчету», № 14-СС

«Ооруканасынын ишкердиги жөнүндө отчету»; төрөт учурундагы жана төрөттөн кийинки аялдардын ден соолугунун көрсөткүчтөрү, Ош облусунун райондору боюнча төрөттөрдүн жалпы саны, анын ичинде үйдө, ҮДТларда жана ФАПтардагы төрөттөр; Ош облусунун баштапкы медициналык санитардык жардам уюмдарында кош бойлуу аялдарга медициналык байкоолордун көрсөткүчтөрү; кош бойлуулугун төрөт менен аяктаган аялдардын үлүшү; төрөттөрдүн ортосундагы аралыгы; энелердин өлүмдүүлүгү; № 096 Э\У формасындагы оору баяны - 154 кош бойлуу аялдар, анын ичинен 138и төрөт учурундагы аялдар; 472 - 2021-2022-жылдар аралыгында Ош облусунун саламаттык сактоо уюмдарында амбулаториялык негизде медициналык жардам алган төрөт курагындагы аялдардын № 025/у формасындагы медициналык китепчелери; Кара-Суу районунун Учкун айылында жашаган төрөт курагындагы 362 аялды анкеттөө; Ош облусунун Кара-Суу районундагы Учкун айылындагы №97 орто мектепте 125 окуучуну сурамжылоо (маектешүү, анкеттөө), анын ичинен 62 эркек жана 63 кыз, жана Ош областынын Өзгөн районундагы Чынбай айылындагы Турдумамат Сарыков атындагы № 54 орто мектепте 125 окуучуну, анын ичинен 63 эркек жана 62 кыз.

Изилдөө беш этап менен жүргүзүлдү.

Изилдөөнүн биринчи этабында акушерлик-гинекологиялык жардамды уюштуруу жана саламаттыкты сактоо уюмдарында аны камсыз кылуунун принциптери боюнча адабият булактарын талдоо камтылган.

Изилдөөнүн экинчи этабы 2013-2022-жылдарга Ош облусунун саламаттык сактоо системасынын баштапкы деңгээлинде акушерлик-гинекологиялык жардамдын көрсөткүчтөрүн ретроспективдүү жана статистикалык ыкмаларын колдонуу менен талдоого багытталган.

Изилдөөнүн үчүнчү этабы аялдардын репродуктивдик ден соолугунун абалын изилдөөгө, Ош облусунда төрөт курагындагы аялдардын оорулуулугун, баштапкы деңгээлдеги саламаттыкты сактоо уюмдарына барууларын жана аялдардын, орто мектептердин окуучуларынын репродуктивдик саламаттыгы (анонимдүү сурамжылоо) боюнча билим деңгээлин баалоого багытталган.

Изилдөөнүн төртүнчү этабы репродуктивдик ден соолукту чыңдоо боюнча натыйжаларга негизделген каржылоо долбоорунун критерийлерин, анын ичинде бейтаптардын канааттануусун жана Ош облусунун аялдарына медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча төрөт бөлүмүнүн ишин баалоого багытталган.

Изилдөөнүн бешинчи этабында аналитикалык ыкманы колдонуу менен амбулатордук акушерлик-гинекологиялык жардамды жакшыртуу боюнча иш-чаралар иштелип чыккан жана Ош облусунун төрөт курагындагы аялдарга акушерлик-гинекологиялык жардам көрсөтүүнү оптималдаштыруунун алгоритми жана маршруттук баракчалары иштелип чыккан.

## 2.2 Изилдөө ыкмалары

Диссертациялык иштаи аткарууда төмөнкүдөй изилдөө ыкмалары колдонулган: ретроспективдүү, тажрыйбаны изилдөө жана жалпылоо, статистикалык, аналитикалык жана сурамжылоо.

Изилдөө материалдарын иштетүүдө салыштырмалуу чоңдук (интенсивдүү, экстенсивдүү, көрсөтмөлүүлүк көрсөткүчү, ыктымалдык көрсөткүчү), орточо чоңдук көрсөткүчтөрү эсептелген. Топтор ортосундагы айырмачылыктардын ишенимдүүлүгү Стьюдент параметрдик критерийи (t – ишенимдүүлүк критерийи же ишеним коэффициенти), репрезентативдик ката (±m), «р» эсептөөсү – катасыз болжолдоонун ишенимдүүлүк критерийинин $p<0,05$, $p<0,01$, $p<0,001$ (95,0%, 99,0%, 99,9%) жардамы менен аныкталган. Фишер ишенимдүүлүк критерийин эсептөө менен көп факторлуу талдоо жүргүзүлүп, ишенимдүүлүктү аныктоо үчүн таасирдин үлүшү алынган, ал эми изилденүүчү факторлордун ортосундагы байланыштын багытын жана күчүн аныктоо үчүн корреляция коэффициенти эсептелген. Иште динамикалык катарларды эсептөө ыкмасы (абсолюттук өсүш, өсүш темпи, өсүү темпи, 1% өсүштүн мааниси) колдонулган. Маалыматтын бардык көлөмү Microsoft-Statistica 6.0 тиркеме программасын жана Microsoft Excel программасын колдонуу менен жеке компьютерде иштетилген.

3-5-баптарда жеке изилдөөбүздүн жана талкуубуздун натыйжалары берилген.

## 3-бап Төрөт курагындагы аялдарга акушерлик-гинекологиялык жардамдын негизги көрсөткүчтөрү.

**3.1 2013-2022-жылдарга Ош облусунда кош бойлуу аялдардын акушерлик-гинекологиялык ооруларынын структурасын талдоо.** 2013-2018-жылдар аралыгында 12 жумага чейин катталган кош бойлуу аялдардын саны азайган. Ош облусунда кош бойлуу аялдардын медициналык мониторингинин динамикасын талдоо көрсөткөндөй, акыркы жылдары 12 жумага чейин каттоого турган кош бойлуу аялдардын санынын туруктуу азайышы, ошондой эле каттоого кеч турган кош бойлуу аялдардын туруктуу жогорку деңгээлине кайтып келүүсү байкалууда. (3.1.1-сүрөт)



3.1.1-сүрөт – 2013-2022-жылдарга Ош облусунда медициналык көзөмөлдө турган кош бойлуу аялдардын саны.

Бул мезгилде каттоого кеч турган кош бойлуу аялдардын саны 12,2%га өскөн. 2019 жана 2020-жылдары Ош облусунда кош бойлуу аялдарды медициналык көзөмөлдөө төмөндөп, республикалык көрсөткүчтөр жогору бойдон калууда. 2022-жылы баштапкы медициналык-санитардык жардамда каттоодо турган кош бойлуу аялдардын саны мурунку жылга салыштырмалуу 4,3%га азайган. 2013-жылдан 2015-жылга чейин бул көрсөткүч 4,6%га өскөн. 2018-жылы максималдуу көрсөткүч катталган - 31 318 кош бойлуу аял 12 жумага чейин каттоого турган. Бирок, 2022-жылга карата алардын саны 27,596га чейин төмөндөгөн, бул 12,0% га төмөндөөнү түзөт. Динамиканы талдоо 12 жумага чейин каттоого турган кош бойлуу аялдардын санынын туруктуу азайгандыгын жана каттоого кеч тургандардын жогорку деңгээлге кайтып келгенин көрсөтөт.

**Кош бойлуу аялдарды АИВ инфекциясына жана сифилиске текшерүү.** Акыркы он жылда Кыргызстандын Ош облусунда кош бойлуу аялдарды АИВ-инфекциясына жана сифилиске текшерүү менен камтууда олуттуу өсүш байкалган, ал 69,1%дан 91,0%га чейин өскөн. 2014-жылдан 2017-жылга чейин кош бойлуулуктун биринчи жарымында кош бойлуу аялдарды АИВ инфекциясына жана сифилиске текшерүүдөн өткөрүүнүн олуттуу өсүшү байкалып, 2017-жылы 78,1%ды түздү. Бирок республикалык көрсөткүч жогору бойдон калып, 89,2%ды түздү. Кош бойлуулуктун экинчи жарымында сурамжылоо 2013-жылдан 2017-жылга чейин өсүштү көрсөттү, бирок кийинчерээк 2020-жылы 42,7% га төмөндөдү, бул мүмкүн COVID-19 пандемиясына жана толук эмес медициналык статистикага байланыштуу. 2021-жылдан баштап 2022-жылга карата кош бойлуулуктун экинчи жарымында 81,2% га чейин кескин өсүш байкалат.

Орто эсеп менен 10 жыл ичинде Ош облусунда АИВ жана сифилиске текшерүү менен камтуу 56,4% түздү, бул республикалык орточо көрсөткүчтөн 14,2%га төмөн. Облус боюнча кош бойлуу аялдардын жалпы орточо камтылышы 84,3%ды түздү, бул да республикалык деңгээлден 6,5%га төмөн.

**2013-2022-жылдарга Ош облусунда кош бойлуу аялдардын акушерлик-гинекологиялык оорулуулук түзүмүн талдоо.** 2013-жылы 46049 кош бойлуу аял катталган, бул 14,9±0,1%ды түзгөн. Ошол эле жылы каттоодо турган кош бойлуу аялдардын арасында ооруга чалдыгуу жогору болуп, 62,5±0,2%ды түзгөн (3.1.3-таблица).

2014-жылы оорулуулук өткөн жылга салыштырмалуу +22,8%га өсүп, 50,5±0,2% деңгээлине жеткен. 2015-жылы оорулуулуктун -13,3%га азайышы байкалган, бул профилактикалык иш-чаралардын жакшырышына байланыштуу болушу мүмкүн. 2016-жылы оорулуулук кайрадан 6,6%га көбөйүп, 46,7±0,2%ды түзсө, 2017-жылы -2,4%га төмөндөгөн. 2018-жылы оорулуулуктун деңгээли +1,1% өсүш менен дээрлик ошол эле деңгээлде калган.

3.1.3-таблица – 2013-2022-жылдар аралыгында Ош облусунда кош бойлуу аялдардын оорулуулугунун жыштыгы

| № п/п | Жылдар | Кош бойлуулардын жалпы саны | | | Кош бойлуулардын оорулуулугу | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Абс. сан | $P_1$±m | Ө/Т темпи | Абс. сан | $P_2$±m | Ө/Т темпи |
| | | n=499 768 | | | n=204 100 | | |
| 1 | 2013 | 46049 | 14,9±0,1 | - | 28782 | 62,5±0,2 | - |
| 2 | 2014 | 48482 | 18,3±0,1 | +22,8 | 24495 | 50,5±0,2 | -19,2 |
| 3 | 2015 | 49707 | 16,9±0,1 | -7,7 | 21788 | 43,8±0,2 | -13,3 |
| 4 | 2016 | 48567 | 16,7±0,1 | -1,2 | 22668 | 46,7±0,2 | +6,6 |
| 5 | 2017 | 49107 | 16,5±0,1 | -1,2 | 22415 | 45,6±0,2 | -2,4 |
| 6 | 2018 | 52490 | 16,7±0,1 | +1,2 | 24213 | 46,1±0,2 | +1,1 |
| 7 | 2019 | 51733 | 17,0±0,1 | +1,8 | 21359 | 41,3±0,2 | -10,4 |
| 8 | 2020 | 51554 | 16,3±0,1 | -4,1 | 12754 | 24,7±0,2 | -40,2 |
| 9 | 2021 | 52114 | 15,9±0,1 | -2,5 | 11864 | 22,8±0,2 | -7,7 |
| 10 | 2022 | 49965 | 16,8±0,1 | +5,7 | 13762 | 27,5±0,2 | +20,6 |

Эскертүү: P1±m – төрөт курагындагы 1000 аялга кош бойлуулуктун жыштыгы жана репрезентативдик ката, P2±m – 1000 кош бойлуу аялга оорулуулуктун жыштыгы жана репрезентативдик ката, Ө/Т темпи – өсүү/төмөндөө темпи.

2019-жылдан 2020-жылга чейин Ош облусунда кош бойлуу аялдардын арасында оорулуулук кескин азайган. 2020-жылы оорулуулук өткөн жылга салыштырмалуу -40,2%га азайган, бул COVID-19 пандемиясынын медициналык мекемелердин ишине жана алдын алуу чараларына тийгизген таасиринен улам болушу мүмкүн. 2021-жылы оору 2020-жылга салыштырмалуу -7,7%га азайып, 22,8±0,2%ды түздү. Бирок, 2022-жылы оорулуулуктун мурунку жылга салыштырмалуу +20,6%га кайрадан өсүшү байкалып, 27,5±0,2% деңгээлине жеткен. Ош облусунда кош бойлуу аялдардын оорулуулук динамикасы нозологияга жараша көп багыттуу мааниге ээ.

Кош бойлуу аялдардын ооруларынын жалпы саны 2013-жылдан 2022-жылга чейин өзгөрүлмө тенденцияларды көрсөтүп турат, бул аймактагы саламаттыкты сактоо кызматын андан ары мониторингдөө жана жакшыртуу зарылдыгын көрсөтүп турат.

**3.2 2013-2022-жылдарга Ош облусунда төрөт курагындагы аялдардын акушерлик-гинекологиялык оорулуулугунун түзүмү.** 2013-жылы гинекологиялык оорулардын 14404 учуру катталган, бул төрөт курагындагы (ТКА) 1000 аялга 46,5±0,4 (3.2.1-таблица).

3.2.1-таблица - Ош облусу боюнча 2013-2022-жылдар аралыгындагы төрөт курагындагы аялдардын гинекологиялык оорулуулугунун жыштыгы 1000 ТКАга (n=103067).

| № п/п | Жылдар | Абсолюттук сан | P±m | Абсолюттук өсүш | Өсүү/ төмөндөө темпи, % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2013 | 14404 | 46,5±0,4 | - | - |
| 2 | 2014 | 13138 | 49,7±0,4 | +3,2 | +6,9 |
| 3 | 2015 | 11154 | 37,9±0,4 | -11,8 | -23,8 |
| 4 | 2016 | 10323 | 35,4±0,4 | -2,5 | -6,6 |
| 5 | 2017 | 11727 | 39,5±0,4 | +4,1 | +11,6 |
| 6 | 2018 | 10348 | 32,9±0,3 | -6,5 | -16,7 |
| 7 | 2019 | 8544 | 28,1±0,3 | -4,8 | -14,6 |
| 8 | 2020 | 6129 | 19,4±0,2 | -8,7 | -30,9 |
| 9 | 2021 | 8376 | 25,6±0,3 | +6,2 | +31,9 |
| 10 | 2022 | 8924 | 30,0±0,3 | +4,4 | +17,2 |

Эскертүү: P±m – интенсивдүү көрсөткүч жана репрезентативдик ката

2014-жылы оорулуулуктун абсолюттук саны 13,1ге чейин азайган, бирок оорулуулуктун жыштыгы 1000 ТКАга 49,7±0,4кө чейин өскөн, бул +3,2% өсүшкө жана өсүш темпи +6,9%га туура келет. 2015-жылы оорулуулук учурлардын саны 11154кө чейин жана оорулуулуктун жыштыгы 1000 ТКА 37,9±0,4кө чейин олуттуу азайган, бул 11,8%га төмөндөөнү жана -23,8% өсүш темпин түзөт.

Ош облусунда төрөт курагындагы аялдардын гинекологиялык оорулуулугунун динамикасы акыркы бир нече жыл ичинде олуттуу өзгөрүүлөрдү көрсөтүп турат. 2016-жылы оорулуулук учурларынын санынын азайышы 10,323кө чейин жана жыштыгы 1000 ТКАга 35,4±0,4кө чейин катталган, бул 2,5% төмөндөө жана -6,6% өсүү темпине туура келет. 2017-жылы оорулуулук учурларынын саны 11,727ге чейин жана оорулуулуктун көрсөткүчү 1000 ТКАга 39,5±0,4кө чейин көбөйгөн, бул өсүш 4,1% жана өсүш темпи 11,6% түзөт.

2018-жылы оорулуулук учурларынын санынын азайышы кайрадан 10 348ге чейин жана жыштыгы 1000 ТКАга 32,9±0,3 чейин катталды, бул 6,5%га төмөндөөнү жана -16,7% өсүш темпин билдирет. 2019-жылы оорулуулук учурларынын саны 8544кө чейин жана жыштыгы 1000 ТКАга 28,1±0,3 чейин кыскарууну уланткан, бул 4,8% төмөндөө жана 14,6% өсүш темпине туура келет.

2020-жылы оорулуулук учурларынын саны 6129га чейин жана жыштыгы 1000 ТКАга 19,4±0,2ге чейин кескин азайган, бул 8,7%га төмөндөө жана -30,9% өсүш темпине туура келет. 2021-жылы оорулуулук учурларынын саны 8376га жана жыштыгы 1000 ТКАга 25,6±0,3кө чейин көбөйгөн, бул өсүш 6,2%га жана өсүш темпи 31,9%га туура келет.

2022-жылы оорулуулук учурларынын саны 8 924кө чейин жана оорулуулуктун жыштыгы 1000 ТКАга 30,0±0,3 чейин көбөйгөн, бул өсүш 4,4% жана 17,2% өсүш темпин түзөт.

Ошентип, гинекологиялык оорулуулуктун динамикасында олуттуу термелүүлөр байкалат, ар кандай жылдарда оорулуулктун өсүшү жана олуттуу төмөндөө мезгили менен.

**2013-2022-жылдарга Ош облусунда саламаттыкты сактоонун баштапкы деңгээлине кайрылуулардын көрсөткүчү боюнча аялдардын жыныс органдарынын сезгенүү ооруларынын түзүмү.** 2013-жылы аялдардын жыныс органдарынын сезгенүү ооруларынын жалпы саны 4878 учурду түздү, бул төрөт курагындагы (ТКА) 1000 аялга 15,7 жыштыгына туура келет (3.2.2-таблица). Ош облусунда 2013-жылдан 2022-жылга чейинки аялдардын жыныс органдарынын сезгенүү ооруларынын динамикасы оорулуулуктун көрсөткүчүнүн олуттуу өзгөрүшүн көрсөтөт. 2013-жылы сезгенүү ооруларынын жалпы саны 4878 учурду түздү, бул төрөт курагындагы 1000 аялга 15,7 жыштыгына туура келет. Алардын ичинен эң көп таралгандары сальпингит жана оофорит (1000 ТКАга 9,2), ошондой эле аялдардын тукумсуздугу (1000 ТКАга 4,7) болгон. Аялдардын жыныс органдарынын башка оорулары 1000 ТКАга 4,1ди түздү.

Кийинки жылдарда аялдардын жыныс органдарынын сезгенүү ооруларынын жыштыгынын төмөндөшү байкалды: 2014-жылы 1000 ТКАга 13,5ке чейин (2013-жылга салыштырмалуу -14%), 2015-жылы 1000 ТКАга 10,5ке чейин (2014-жылга салыштырмалуу -22,2%), 2016-жылы 1000 ТКАга 10,2ге чейин (2015-жылга салыштырмалуу -2,9%), 2017-жылы 13,0гө чейин (2016-жылга салыштырмалуу +27,5%), 2018-жылы 1000 ТКАга 11,7ге чейин (2017-жылга салыштырмалуу -14,1%), 2019-жылы 1000 ТКАга 9,1ге чейин (2018-жылга салыштырмалуу -22,2%), 2020-жылы 1000 ТКАга 6,3ке чейин (2019-жылга салыштырмалуу -30,8%), 2021-жылы 1000 ТКАга 7,3кө чейин (2020-жылга салыштырмалуу +15,9%), жана 2022-жылы 1000 ТКАга 7,9га чейин (2021-жылга салыштырмалуу +8,2%).

2013-жылдан 2022-жылга чейин Ош облусунда гинекологиялык оорулуулуктун динамикасын талдоо аялдардын жыныс органдарынын ар кандай ооруларынын жыштыгынын олуттуу термелүүлөрүн көрсөтөт. Изилдөө мезгилинде көбүнчө жатын моюнчасынын эрозиясы жана эктропиясы, менструациянын бузулушу жана аялдардын жыныс органдарынын башка оорулары болсо, жатын лейомиомасы жана эндометриоз азыраак болгон.

2014-жылы гинекологиялык оорулуулуктун жыштыгы төрөт курагындагы 1000 аялга 49,7 учурга чейин өскөн. Бул мезгилде оорулардын таралышында олуттуу өзгөрүүлөр болгон: жатын лейомиомасы 152,5%ке, эндометриоз 103,1%га көбөйгөн, жатын моюнчасынын эрозиясы жана эктропиону жана менструациянын бузулушу орточо өсүштү көрсөткөн. Аялдардын жыныс органдарынын башка оорулары азайган. Кийинки жылдары гинекологиялык оорулуулуктун жалпы жыштыгынын акырындык менен төмөндөшү байкалган, 2020-жылы 1000 ТКАга 19,4 учурга жеткен. Бул жылы оорунун бардык категориялары боюнча олуттуу төмөндөө байкалды. Бирок, 2021 жана 2022-жылдары оорулуулуктун жыштыгы кайра өскөн, бул негизинен жатын лейомиомаларынын жана менструациянын бузулушунун көбөйүшүнө байланыштуу. Эң чоң өсүш жатын лейомиомасында (+36,1%) жана менструациянын бузулушунда (+36,1%) катталган, ал эми эндометриоз жана

жатын моюнчасынын эрозиясы жана эктропиону тиешелүүлүгүнө жараша 8,2% жана 8,9%га орточо өсүштү көрсөткөн.

**3.3 Репродуктивдик ден соолук жөнүндө калктын маалымдуулугу (Кара-Суу жана Өзгөн районторунун мисалында).** Репродуктивдик саламаттык боюнча лекция өткөрүлгөндөн кийин орто мектептин окуучуларынын репродуктивдик саламаттыктын негизги түшүнүктөрү жана аны сактоо боюнча түшүнүктөрү кыйла жакшырды (3.3.1-таблица).

3.3.1-таблица – Окуучулардын репродуктивдик ден-соолук боюнча маалымдуулугу маалымдуулугу (n=250)

| № п/п | Суроо | Лекция өткөрүлгөнгө чейин | | Лекция өткөрүлгөндөн кийин | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Абс. сан | P±m | Абс. сан | P±m |
| 1 | Репродукция деген эмне экенин аныктаңыз? | 40 | 1,6±0,2* | 225 | 90,0±1,8* |
| 2 | Жеке кызыкчылыктар деген эмне? | 50 | 20,0±2,5* | 225 | 90,0 ±1,8* |
| 3 | Үй-бүлөнүн ролу кандай? | 103 | 41,2±3,1* | 215 | 86,0±2,1* |
| 4 | Адамдын репродуктивдик ден соолугун кандай факторлор аныктайт? | 128 | 51,2±3,1* | 225 | 90,0±1,8* |
| 5 | Демография деген эмнени билдиререрин билесизби? | 90 | 36,0±3,0* | 225 | 90,0±1,8* |
| 6 | Демографияга эмне тиешелүү эмес? | 130 | 52,0±3,1* | 188 | 75,2±2,7* |
| 7 | Демографиялык криз дегенди кантип түшүнөсүз? | 118 | 47,2±3,1* | 250 | 100,0* |
| 8 | Төрөлүмдүүлүк деген эмне экенин билесизби? | 128 | 51,2±3,1* | 215 | 86,0±2,1* |
| 9 | Тукум деген сөздү кандай түшүнөсүз? | 90 | 36,0±3,0* | 225 | 90,0±1,8* |
| 10 | Үй-бүлөнү пландаштыруу деген эмне? | 113 | 45,2±3,1* | 215 | 86,0±2,1* |

Эскертүү: P±m – маалымдуулуктун жыштыгы 100 окуучуга жана репрезентативдик ката, *-p <0,001.

